***DOI:10.26104/NNTIK.2022.1.6.069***

***Саттарова А.Т., Каримбаева Т.М.***

# КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВДУН АЛГАЧКЫ ОКУУ КИТЕБИНДЕ БАЛДАР ЫРЛАРЫНЫН БЕРИЛИШИ

***Саттарова А.Т., Каримбаева Т.М.***

# ИЗЛОЖЕНИЕ ДЕТСКИХ ПЕСЕН В ПЕРВОМ УЧЕБНИКЕ КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВА

***A. Sattarova, T. Karimbaeva***

# PRESENTATION OF CHILDREN'S SONGS IN THE FIRST TEXTBOOK BY KASYM TYNYSTANOV

*УДК: 371.3:784.67*

*Макалада кыргыздын алгачкы алиппе китеби, андагы балдар ырларынын берилиши тууралуу сөз болот. Автор Касым Тыныстановдун чыгармачылыгына жана ишмердигине токтолуп, ал жазган «Чоңдор үчүн алиппе» китебинин баалуулугу белгиленет. Ал кезде чоңдор үчүн алиппени балдар да окуй бергендигин, бул ырлар ошол кездеги алгачкы кыргыз интеллегенциясынын балалык учурунда алардын туура тарбия, адабият аркылуу эстетикалык табитин өстүрүүсүнө таасирин тийгизгендиги көрсөтүлөт. Касым Тыныстановдун окуулугуна кирген ырлар талдоого алынат. Ошол мезгилге ылайык келген эл арасынан оозеки адабияттарды жыйноо иши колго алынгандыгы жөнүндө айтылат. Э.Арабай уулу менен К.Карасай уулу биргелишип 1928-жылы жарыкка чыгарган «Жаңылык» аттуу латын алфавитинде жазылган чоңдор үчүн алиппеси маанилүү кадам болгондугу, анда да балдар үчүн чыгармалар «Керме-Тоо», «Санат ырлар», «Терме-санат ырлары», Ысактын (Шайбек уулу) «Кайран эл», А.Токомбайдын «Өктөбүрдүн келген кези», Ч. Жамгырчы уулунун «Кайгылуу күн (21-чи жаныбар)», Салы уулунун «Жаштарга», Касымдын «Жаз», «Кыш» деген ырлары болгондугу жөнүндө кеңири айтылат. Кезегинде чоңдор үчүн алиппени балдар да окуй бергенди, бул ырлар ошол кездеги алгачкы кыргыз интеллегенциясынын балалык учурунда алардын туура тарбия, адабият аркылуу эстетикалык табитин өстүрүүсүнө таасирин тийгизгендиги белгиленет.*

***Негизги сөздөр:*** *окуу китеби, тамга таануу, агартуучу, кириллица, балдар ырлары, эрте агартуучу, дүйнө тааным, мурас, эстетикалык даам, алфавит, эстетикалык ырахат.*

*В статье рассматривается первая книга кыргызского алфавита и изложение детских песен. Автор акцентирует внимание на творчестве и деятельности Касым Тыныстанова и подчеркивает ценность его книги «Азбука для взрослых». Показано, что в то время дети также читали алфавит для взрослых, и эти песни повлияли на формирование эстетического вкуса ранней кыргызской интеллигенции того времени в детстве через правильное воспитание и литературу. Будут проанализированы стихи, вошедшие в учебник Касым Тыныстанова. Говорят, что начался сбор устной литературы среди людей того времени. Важным шагом стало то, что азбука для взрослых была написана латинским алфавитом «Жанылык», изданная совместно Э. Арабай уулу и К. Карасай уулу в 1928 году, в которой широко и детально показаны детские песни «Керме-Тоо», «Песни назидания», «Сборник назидательных песен», «Кайран эл» (Бедный народ) Исака (Шайбек уулу), «Время Октября» А.Токомбая, «Печальный день (21-е января)» Ч.Жамгырчы уулу, «Молодежи» Салы уулу, «Весна», «Зима» Касыма. В свою очередь, дети тоже продолжали читать азбуку для взрослых, и отмечается, что эти песни повлияли на формирование эстетических вкусов передовой кыргызской интеллигенции того времени в детстве посредством правильного воспитания через литературу.*

***Ключевые слова:*** *учебник, распознавание букв, просветитель, кириллица, детские песни, ранний просветитель, мировоззрение, наследие, эстетический вкус, алфавит, эстетическое удовольствие.*

*The article discusses the first book of the Kyrgyz alphabet and the presentation of children's songs. The author focuses on the work and activities of Kasym Tynystanov and emphasizes the value of his book "ABC for adults". It is shown that at that time children also read the alphabet for adults, and these songs influenced the formation of the aesthetic taste of the early Kyrgyz intelligentsia of that time in childhood through proper upbringing and literature. The poems included in the textbook of Kasym Tynystanov will be analyzed. They say that the collection of oral literature among the people of that time began. An important step was that the alphabet for adults was written in the Latin alphabet "Zhanylyk", published jointly by E. Arabai uulu and K. Karasai uulu in 1928, in which children's songs "Kerme-Too", "Songs of Edification", "Collection of edifying songs", "Kairan el" are widely and in detail shown (Poor people) Isaka (Shaibek uulu),"The Time of October" by A.Tokombai, "Sad Day (January 21st)" by Ch. Zhamgyrchy uulu, "Youth" by Saly uulu, "Spring", "Winter" by Kasym. In turn, the children also continued to read the ABC for adults, and it is noted that these songs influenced the formation of aesthetic tastes of the advanced Kyrgyz intelligentsia of that time in childhood through proper education through literature.*

***Key words:*** *textbook, letter recognition, educator, cyrillic alphabet, children's songs, early educator, worldview, heritage, aesthetic taste, alphabet, aesthetic pleasure.*

Балдар ырларын окуу китептерине киргизип, окуучулардын эстетикалык табитине ылайык келген чыгармаларды тандоого К.Тыныстанов чоң эмгек сиңирген. Анын окуу китептерин [1] талдай келгенде К.Тыныстанов таланттуу акын, котормочу, адабиятчы, ошол эле кезде мектепте окутуу процессин жакшы билген методист катары көрүнөт. С.Сакиева алгачкы агартуучу, «кызыл профессор» К.Тыныстановдун окуулугунун негизги жетишкендиктери катары буларды көрсөтөт:

1. Балдар үчүн кызыктуу, мыкты элдик чыгармалардын үлгүлөрүн топтой алгандыгы. Маселен, «Бала менен чымчык», «Ынтымак», «Сонун үй», «Бөбөк терметкенде», «Билим – түгөнбөс байлык», «Дайыр менен Набек», «Күлкүлөр», жылдын төрт мезгили жөнүндөгү материалдар ж.б. «Бала менен чымчык» деген ырында балдар менен канаттуулардын ортосундагы достук

ачылып берилип, диалог формасында болуп, экология, эмгек маселелери да козголуп, жогорку деңгээлде эстетикалык ырахат тартууласа, «Сонун үй» деген турмуштук проблемалуу суроо коюу менен абдан кызыктуу баяндалган. Ал эми «Кичинекей акылман» (23-бет), «Дайыр менен Набек» аттуу чыгармада сөз күчүн баалоого тарбиялоо негизги өзөгүн түзүп турат.

2. Окуулукка киргизилген материалдардын маалыматтуулугу. Азыркы окуу китептеринин негизги кемчилдиктеринин бири ушунда. Маселен, ошол мезгил үчүн эң баалуу болуп саналган мектеп турмушу, котур, келте оорулары, жаңы турмуш кадамдары, калыңды жоюу, билим берүү ж.б. сыяктуу материалдар жөнүндө сөз кылбаганда да, «Адам тууралуу», «Куштар», «Аялдар», «Малдар», жыл мезгилдери боюнча бөлүмдөр окуучулар үчүн бай маалыматтын очогу болгондугунда шек жок. Булар азыркы балдар үчүн да эң зарыл материалдар. Мисалы, «Ойсул ата» (төө), «Камбар ата» (жылкы), «Зеңги баба» (уй), «Чолпон ата» (кой) ж.б. ырлар.

3. Учурдагы эң актуалдуу мамилелердин бири болуп жаткан балдардын ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн арттыруу, ишмердүүлүгүн калыптандыруунун Касымдын окуу китебинен орун алгандыгы. Буга карата окуу китебинде«Өткөөл», «Жарыш» деген материалдарга орун берилген». КасымТыныстановдун китептеринде «Кайран эл», «Жаз», «Биздин ураан (Интернационал)», «Бөбөк терметкенде», «Өктөбүрдүн келген кези», «Аза маршы», «Бекбекей», «Ойсул ата», «Камбар ата», «Чолпон ата» ж.б. ырлар туруктуу орун алат. Алардын бир катары элдик оозеки чыгармалардан алынган мурастар болсо, айрымдары котормо, кээ бири ошол кездеги жаш акындар жана өзү тарабынан жазылган [2].

К.Тыныстановдун окуу китептериндеги балдар ырлары алардын таанып-билүүсүн өстүрүүгө өзгөчө кызмат кылуу менен ошол кездеги саясый кырдаалга байланыштуу айрым бир таптык көз караштар да киргизилген.

1922-жылы Казак-кыргыз билим комиссиясын түзүү тууралуу чечим чыгып, ага ылайык эл арасынан оозеки адабияттарды жыйноо иши колго алынып, бул ишке Тоголок Молдо, К.Тыныстанов, Ы.Абдырахманов, К.Карасаев, И.Арабаев, Б.Солтонов, Т.Саманчин, З.Бектенов, А.Осмонов, Ж.Бөкөнбаев ж.б.интеллегенттер кирише баштаган, Москвадагы борбордук мекемелерден К.Мифтаков, М.Богданова ж.б. атайын адистер жиберилген, алар улуттук фольклордогу балдар чыгармаларын, анын ичинен балдар ырларын да жыйнап, ал материалдар түз эле окуу китептерине киргизилген.

1922-ж. К.Мифтаков жазма акын Тоголок Молдодон бир топ оозеки чыгармаларды жазып алган болсо, 1923-ж. А.Токомбаев «Курманбек» жомогун китеп кылып чыгарган. Бул жагынан маанилүү кадам Э.Арабай уулу менен К.Карасай уулу биргелишип 1928-ж. жарыкка чыгарган «Жаңылык» аттуу латын алфавитинде жазылган чоңдор үчүн алиппеси болгон. Анда да балдар үчүн чыгармалар берилген, алсак, «Керме-Тоо», «Санат ырлар», «Терме-санат ырлары», Ысактын (Шайбек уулу) «Кайран эл», А.Токомбайдын «Өктөбүрдүн келген кези», Ч.Жамгырчы уулунун «Кайгылуу күн (21-чи жаныбар)», Салы уулунун «Жаштарга», Касымдын «Жаз», «Кыш» деген ырлары буга мисал болот. Ал кезде чоңдор үчүн алиппени балдар да окуй бергендигин эске алсак, бул ырлар ошол кездеги алгачкы кыргыз интеллегенциясынын балалык учурунда алардын туура тарбия, адабият аркылуу эстетикалык табитин өстүрүүсүнө таасирин тийгизген.

**XX кылымдын 20-30-жылдары чоңдор үчүн (ликбездер) жарык көргөн Алиппе китептери**

| № | автору | аталышы | чыккан жылы | басылган жери |
|---|---|---|---|---|
| 1. | И.Арабаев | Алиппе | 1925 | Пишпек |
| 2. | К.Тыныстанов | Чоңдор үчүн алиппе | 1926 | Москва |
| 3. | И.Арабаев, К.Карасаев | Жаңылык | 1927 | Фрунзе |

XX кылымдын 20-30-жылдары сабатсыздыкты жоюу бир жагынан, жашы жеткен балдарды окутуу экинчи жагынан коммунисттик партиянын жана совет өкмөтүнүн негизги милдети болгон. «Бул жылдарда кыргыз адабияты боюнча айыл-кыштак мектептеринин 3,4-окуу жылдары үчүн программалар биринчи жолу класс-сабак системасына ылайык түзүлө баштады. Буга чейин жогоруда көрсөтүлүп өткөн «комплекс», «лабораториялык-бригадалык», «долбоор» методдорунда түзүлгөн программалар колдонулуп келгендиктен мүмкүнчүлүк болбогондугу өзүнөн өзү түшүнүктүү. Экинчиден, бул жылдары толук эмес орто мектептер үчүн дароо жаңы программаларды иштеп чыгууга биздин өзүбүздө да мүмкүнчүлүктөр жетиштүү эмес эле. Ал эми орто мектептерди ачуу жана көбөйтүү жөнүндө жогоруда көрсөткөндөй, жаңыдан гана маселе коюлуп жаткан болучу. Класс-сабак системасы мектептер үчүн милдеттүү жана жалпыга тиешелүү системага айлангандан кийин биринчи түзүлгөн программа алдына кандай максат койгондугу жана материалдын көлөмү жана тандалып алынышынын кандай экендиги ачык болсун үчүн айыл-кыштак, шаар мектептери үчүн 3-жана 4-окуу жылдарына арналган программанын 1934-жылы түзүлүп 2-басылышынан үзүндү келтирели: «Программанын түшүнүк катында адабият сабагынын мааниси жана милдети жөнүндө төмөндөгүдөй айтылат: Ырларды, аңгемелерди окуп, жаттоо, көрктүү чыгармалардын окугандарын кайра айтып берүү сыяктуу окуучулардын көз караштарын кеңитип, көрктүү сезимдерин арттыргандыктан, өсүп келе жаткан жаштарды тарбиялоодо адабияттын алган орду чоң, 3-жана 4-топтордо көрктүү чыгармаларды окуп билүү натыйжасында окуучулар мына буларга ээ болуулары тийиш [3]:

1. Окулган көрктүү чыгармалардын тексттерин идея жана көрктүүлүк жактан түшүнүү.

2. Көрктүү чыгармалардын тилиндеги өзгөчөлүктөрдү билүү (салыштыруу ж.б.).

3. Көрктүү чыгармалардын кайсы бир түрлөрүн ажыратуу (кара сөз, жомок, тамсил).

4. Жазуучу кайсы таптык экендиги тууралуу жана анын чыгармасы кайсы таптын мүдөөсүн сүйлөй тургандыгы жөнүндө жөнөкөй түшүнүктөрдү алуу.

5. Коом турмушунда адабият алган орун тууралуу жөнөкөй түшүнүктөр.

6. Адабият чыгармасынын бул тизмесин тандап алганда мына булар эскертилди: чыгарманын тил жагынан кымбаттуу болушу менен катар, көрктүүлүк жагынан барктуу болушу, балдардын кызыгуулары менен тажрыйбасына жакындыгы»

Ушул мезгилде балдар үчүн ырларды жазууга жаш жазуучулар (А.Токомбаев, К.Маликов, А.Токтомушев, С.Сасыкбаев, Ж.Бөкөнбаев, А.Осмонов ж.б.) гана эмес, жазгыч жана төкмө акындар (Тоголок Молдо Б.Алыкулов, А.Үсөнбаев, К.Акиев, О.Бөлөбалаев ж.б.) да массалык киришип, орус, казак, татар тилдеринен балдар үчүн жазылган китептер арбын которулган. Тоголок Молдонун балдар үчүн «Каак-каак, каргалар», «Үркөр, үркөр топ жылдыз», «Жүгүрүп, жүгүрүп мен таптым», «Турумтай» «Чынчыл бала», «Торпогум» ж.б. ырлары, элдик сюжетти пайдаланып жазган«Жер жана анын балдары», «Талым кыз менен Көбөктүн айтышы», «Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк сулуу», «Абышка-кемпирдин көмөчү», «Телибай тентек», «Кемчонтой» ж.б., К.Акиевдин «Ач карышкыр», «Акылман ата», А.Үсөнбаевдин «Жолборс минген киши», Т.Үмөталиев «Күч бирдикте», «Алп кара куш», А.Токомбаевдин «Жетим менен сыйкырчы», Ж.Бөкөнбаевдин «Торгой менен жагалмай», «Чептен эрдик күчү бек», К.Маликовдун «Сан-Таш», А.Осмоновдун «Толубай сынчы», Р.Шүкүрбековдун «Эки бөжөк» ж.б. фольклордук сюжеттин негизинде жазылган чыгармалары балдар адабиятынын казынасын толтуруп, балдар окуп жаткан окуулуктарга, хрестоматияларга киргизилген.

Ошол мезгил үчүн жаңылык болгон окуялар, техникалар тууралуу ырларды сунуштоо (М.Элебаев «Пионер саякатта», С.Сасыкбаев «Учкучтар» ж.б.); г) элдик фольклордук мурастарды окутуу («Бекбекей», «Шырылдаң», «Оп майда» ж.б.). «Кыргызстандын өз алдынча республикага айланышы менен башталгыч билим берүүнү жети жылдык мектептерге, кийинчерээк аны орто мектептерге айландыруу процесси жүрдү. Албетте, агартуу жаатындагы бул олуттуу иштер буйрукчул, акимчил ыкмалар аркылуу жүзөгө ашырылса да, өзүнүн тийиштүү түшүмдөрүн берди. 1939-жылы V-VII класстардын окуу программасы айрым толуктоолордун, түзөтүүлөрдүн предмети болду. Анда кыргыздын элдик оозеки чыгармаларына (фольклордун көпчүлүк жанрлары), акындар поэзиясына (Токтогул, Байымбет, Ысак, Калык, Алымкул) жана профессионал жазуучуларга (А. Токомбаев, М. Элебаев, К.Баялинов, Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбеков, Т.Сыдыкбеков, Т.Үмөталиев) кеңири орун берилгендиги кубаттоого татыйт» (Н.Ишекеев) [5]. Бирок ошол жылдарда саясый өнөктүктөргө арналган ырлар, орус акындарынын чыгармаларынан котормолор басымдуулук кылып, улуттук кыргыз адабиятынын, анын ичинде балдар адабиятынын чыгармалары 5-7%дан ашкан эмес.

Кыргыз балдар поэзиясынын өнүгүүсүнө 1936-жылдагы балдар адабиятынын абалы тууралуу атайын кеңешме чоң таасир этти. Кеңешмеде Ж.Бөкөнбаев «Балдар үчүн кандай адабият керек, алар үчүн жазылган китептер кандай болууга тийиш?» [6] деген темада баяндама жасап, ошол кездеги балдар адабиятынын абалын талдап, перспективаларын белгиледи.

Кыргыз балдарын көркөм адабият менен тааныштыруу ишине Улуу Ата мекендик согуш бир топ жолтоо болду: окуу процесси айрым жерлерде токтоп, айрым жерлерде начарлады; балдар адабиятынын тематикасы башка нукка бурулду, б.а. аскердик-патриоттук темадагы поэзия активдешти. Согуш жылдарында 5-7-класстар үчүн кыргыз адабиятынын жаңы программасы [7], 1941-1942-окуу жылына карата 8-10-класстар үчүн кыргыз адабияты сабагынын окуу программасы жаңыдан биринчи жолу түзүлүп [8], кыргыз элинин оозеки фольклорунун материалдары жана жазма адабияттын өкүлдөрүнүн ырлары кирген. Совет өкмөтүнүн жетекчилерин даңктоо О. Бөлөбалаевдин «Ленин», Ш.Шеркуловдун «Сталин» деген ырларынын негизги мотиви болсо, С.Сасыкбаевдин «Шумкарлар», А.Үсөнбаевдин «Таалайлуу эл», Т.Үмөталиевдин «Чак түштө», А.Токтомушевдин «Турмуш жаңы», А.Осмоновдун «Жакшы китеп» деген ырлары социалисттик түзүлүштү жана анын куруучуларын идеализациялоо багытында болгон. Токтогул Сатылгановдун «Үлгү ырлары», «Карылык» аттуу чыгармасы, Тоголок Молдонун «Куба кой менен ээсинин айтышканы» деген тамсил-ыры сунушталган. Ошол жылдары окуу программасынан орун алган Тоголок Молдонун «Торпогум» деген ыры балдардын сүйүктүү чыгармасы болгон.

6-класска балдарга арналган элдик чыгармалардан «Оп майда» жана «Бешик ыры» сунушталса, элдик жазма ырчылардан Тоголок Молдонун «Кара Макмал жорголо» деген ыры киргизилген, ал эми жазма адабияттын өкүлдөрүнөн А.Осмоновдун «Бешик ыры» окутулган.

Ошол күндөрдүн негизги темаларынын бири – согуштун баатырларынын эрдигин балдарга даңктап берүү эле. Бул келечек муунду мекенчилдикке тарбиялоого, жеңиш үчүн кызмат кылууга даярдоо катары түшүнүлгөн. Мындай ырлардын руху менен суга-

рылган балдардын көпчүлүгүнүн аталары согушта болгон, же ал жактан курман болушкан. Дал ошол «согуштун балдарына» арналып жазылган А.Үсөнбаевдин «Панфиловду эскерип», О.Бөлөбалаевдин «Баатыр Чолпонбай», Т.Үмөталиевдин «Үч баатыр» деген ырлары окутулган. Улуу Ата мекендик согуштун баатырлары генерал Панфилов, Түлөбердиев, Коёнкөзов ж.б. тарыхый адамдар кыргыз балдарынын идеалдарына айланган. Ал жылдарда «Манас», «Курманбек», «Кедейкан», «Эр Төштүк», «Кожожаш» эпосунан үзүндүлөр балдарга ылайык адаптацияланып, окуу программасына жана окуу китептерине киргизилген.

Согуштан кийинки мезгилде, 1947-1949-жылдарда, үч программа пайдаланууга берилди [10,11,12]. Бул учурда улуттук фольклордон «Оп майда», «Бекбекей», «Койчулардын коңур күү», «Жылкычынын шырылдаң» ж.б.), каада-салт (мал чарба, дыйканчылык, социалдык үрп-адат каадалары ж.б.), үрп-адат (сүйүү, айтышуу, арман, кошок, жоктоо, мактоо, арноо, кордоо, оюн, бешик, тамаша, куудул ырлары ж.б.), ырым жана совет мезгилинде чыккан ырлар (А.Осмонов «Устанын сөзү», «Кызыл жүк») окутулган. Алардын ичинде атайын балдарга арналган ырлар азыраак болгон. Ырас, мурдагы программалардан түшпөй келе жаткан Тоголок Молдонун «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы», Б.Алыкуловдун «Балдарга насааты» программадан туруктуу орун алганын байкоого болот. Ушул жылдарда З.Бектенов, Т.Байжиев жазган «Кыргыз адабияты» деген окуу китебинде [13] «Санат жана насыят ырлары», «Тамсилдер» деген темаларга аныктамалар, түшүнүктөр берилген. Алар кыргыз фольклорун мындай классификациялаган:

- Эмгек ырлары (мында «Оп майда», «Шырылдаң» мисал келтирилген);
- Ырым жана эм-дом ырлары (буга «Козу телүү», «Кылоо-кылоо», «Алас», жана дагы эм-дом ырлары мисал кылынган);
- Үрп-адат ырлары (кошоктор, буга «Карагул ботом» поэмасы да киргизилген);
- Сүйүү ырлары;
- Жарамазан ырлары;
- Айтыш ырлары («Эсенаман менен Жеңижок», «Талым кыз менен Көбөктүн айтышы», «Кыз жигиттин айтышы»);
- Керээз ырлары;
- Арман ырлары;
- Бешик ырлары жана оюн ырлары («Бурулчанын селкинчек») ж.б.

Кыргыз фольклорундагы лирикалык ырларды ушундай классификациялоо толук түрдө балдар ырларына да мүнөздүү болуп эсептелет. 1946-жылы З.Бектенов, Х.Карасаев, У.Абдукаримов автор болгон 4-класс үчүн «Эне тил» окуу китеби [13] жарыкка чыгып, анда 56 ыр берилген. Алардын ичинде балдар үчүн Молдо Кылычтын, Т.Үмөталиевдин чыгармалары балдардын таанып-билүүсүн өстүрүүгө чоң жардам берген.

Ушул эле жылдарда Н.Макешов, М.Жаңыбаев жазган «Эне тили» окуу китебинде Молдо Кылычтын «Канаттуулар», Ж.Бөкөнбаевдин «Торгой менен жагалмай» деген ыр-тамсилдери орун алган. Алар аркылуу балдар турмушту аллегориялык образдар аркылуу чагылдырууну аңдап билген.

XX кылымдын 40-жылдарынын экинчи жарымында, 50-жылдардын башында кыргыз адабият таануусу калыптанып, М.Богданова «Киргизская литература», М.Богданова, Ө.Жакишов, К.Рахматуллин «Кыргыз адабиятынын очерки», Т.Саманчин «Кылыч – жазгычакын» деген илимий изилдөө китептерин чыгарышты. Ал китептерде кыргыз адабиятынын ичинде балдар поэзиясы да талдоого алынган. Тилекке каршы, ошол мезгилде адабиятка партиялык көзөмөл күчөп, З.Бектенов менен Т.Байжиев жазган «Кыргыз адабияты» окуу китеби, Молдо Кылычтын ырлары элге, коомго жат идеяларды алып жүрөт деп окутуудан, колдонуудан алынып салынды.

Кыргыз тилин жана адабиятын окутуу боюнча 1952-жылы жаңы программа чыгып, окутуунун мазмуну бир топ жаңыланган. Анда балдарга ылайыктуу Т.Сатылгановдун «Замана» деген ыры, Тоголок Молдонун «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы» деген тамсили, Барпы Алыкуловдун «Балдарга насаат» аттуу ыры программага киргизилген. Кыргыз ССРинин Агартуу министрлиги 1953-1954-окуу жылында кыргыз мектептеринде эне тили жана адабияты боюнча программалардагы, окуу китептериндеги окуу материалдарын кыскартуу жөнүндө көрсөтмө кабыл алган. Мына ошол кыскартууга Барпы Алыкуловдун «Балдарга насаат» деген ыры кириптер болгону балдар үчүн чоң жоготуу эле. Бирок ошол эле Барпы Алыкуловдун «Жаштарга насаат» деген чыгармасы программага киргизилген.

XX кылымдын 50-жылдарда Медина Богданованын «Токтогул Сатылганов», Жаки Таштемировдун «Барпы Алыкулов», «Тоголок Молдо», 60-жылдарда С.Байкожоевдин «Эл ырчысы – Калык», «Осмонкул Бөлөбалаев», «Алымкул Үсөнбаев» деген китептеринин чыкканы да окуу китептерин түзүүчүлөр, мугалимдер үчүн чоң олжо болгон.

1952-жылы балдар адабиятына багышталган республикалык кеңешме өтүп, анда Кыргыз ССРинин Жазуучулар союзунун төрагасы Т.Абдумомунов доклад жасап, балдар адабиятын өнүктүрүүнүн, анын практикалык таасирдүүлүгүнүн курч проблемаларын көтөрүп чыккан.

XX кылымдын 60-жылдарында кыргыз адабияты программасы кайра оңдолуп, жумасына экиден, баары 68 саат өтүлүп, Т.Сатылгановдун «Үлгү ырлары», Тоголок Молдонун «Санат ырлары», Б.Алыкуловдун

«Жакшы экен», «Аккан суу» деген ырлары балдар адабиятынын мурастары катары берилген.

70-90-жылдарда 1-класстар үчүн Ж.Мукамбаев, Ш.Шүкүралиев, Т.Байбураев түзгөн окуу китеби [14] окутулуп, жаңыдан мектеп партасын аттаган бир нече муун андан билим алды. Ал китепте балдар поэзиясынан А.Токомбаевдин «Жеңген эл», «Жай» деген ырлары киргизилген. Ал эми 4-класстар үчүн К.Сартбаевдин, А.Корголдоеванын, У.Каримовдун авторлугундагы «Эне тили» окуу китебине [15] Тоголок Молдонун «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы», Р.Шүкүрбековдун «Булак менен бака», «Түлкү менен арстан» деген балдар үчүн сюжеттүү, өздөштүрүүгө жеңил, дидактикалык мааниси жогору чыгармалары киргизилген.

1971-1972-окуу жылында сегиз жылдык жана орто мектептер үчүн кыргыз адабиятынын өркүндөтүлгөн окуу программасы пайдаланууга сунуш этилди [16]. Ага балдар үчүн Тоголок Молдонун «Эки чилде, «Адамдардын мүнөзү» деген аллегориялык чыгармалары киргизилсе, 80-жылдарда программага Р.Шүкүрбековдун «Карга менен чыйырчык» деген ыр-тамсили кошулган. Тоголок Молдонун «Иттин доолдай тиктирем дегени», «Каркыра менен түлкү», Р.Шүкүрбековдун «Сагызган менен түлкү», А.Токомбаевдин «Бүркүт менен үкү» деген ыр-тамсилдери балдардын образдуу ойлоо жөндөмүн арттырууга, ар кандай буюмдарды, жан-жаныбарларды, өсүмдүктөрдү адамдар менен ассоциациялоого, алардын адептик тарбия алышына чоң таасирин тийгизген.

80-жылдарда Кыргыз ССРинде алты жаштан окутуу киргизилген, алар үчүн өзүнчө Б.Рысбекова менен К.Сартбаевдин авторлугунда «Алиппе» окуу китеби түзүлгөн [17], ошол эле кезде жети жаштагылар үчүн жаңы «Алиппенин» зарылдыгы тууралуу маселени С.Рысбаев көтөрүп чыккан [18]. Бул жылдагы «Алиппе» китептерине балдар ырларынан Ж.Абдыкалыковдун «Мектебим», Ж.Садыковдун «Ленин ата», «В.И. Ленин», «Советтик Армия», А.Кыдыровдун «Жеңерман Армия», «Биз октябряттар», Т. Үмөталиевдин «Мекен», «Москва», «Фрунзе шаары», «Фрунзем», «Май», Б.Сарногоевдин «Жашасын улуу тынчтык», М.Абылкасымованын «Энелерим», Т.Кожомбердиевдин «Жүкөн менен энеси», И.Исаковдун «Улагым», «Мичуринчи боломун», К.Жунушевдин «Чунагым» деген чыгармалары киргизилген.

1984-жылы «Жалпы жана кесиптик билим берүүчү мектептин реформасынын негизги багыттары» деген документ кабыл алынып, башталгыч класстар төрт класс болуп, алты жаштан мектепке алуу системасы ишке киргизилди. Ошого байланыштуу реформага ылайык билим берүүнүн концепциясы, жаңы программасы, окуу китептери, окуу методикалык комплекстери жазылды, буларда балдар ырларын окутууга олуттуу орун берилди. Класстан тышкары окуу боюнча атайын хрестоматиялар түзүлдү.

Кыргыз Республикасы эгемендүү мамлекет болгондон кийин, окуу программалары кайрадан түзүлүп, аларга чыгармаларды тандап алуунун чен-өлчөмдөрү такталды. Алар:

- адеп-ахлактык чен-өлчөм: чыгарманын бийик моралдык-этикалык асыл нарктарга, гуманисттик идеяларга тарбиялоочу мүмкүнчүлүгү, тарбиялык-таанытуучулук потенциалы;
- эстетикалык-көркөмдүк чен-өлчөм: чыгарманын көркөм формасынын кооздугу жана анын окурмандар арасындагы рейтингинин жогорулугу;
- лингвистикалык чен-өлчөм: адабий тилдин нормасынын жалпы калк үчүн мүнөздүүлүгү;
- психологиялык-педагогикалык чен-өлчөм: чыгарманын окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, кабылдоо мүмкүнчүлүгүнө, таанып-билүүчүлүк кызыкчылыгына, муктаждыгына ылайык келиши;
- жанрдык-тематикалык чен-өлчөм: чыгармалардын жанрдык жана тематикалык ар түрдүүлүгү [19].

Мына ушундай чен-өлчөмдөр менен балдар ырлары да тандалып алынган, алар дидактиканын принциптерине (жөнөкөйдөн татаалга; уланмачулук; турмуш менен байланыштуулук ж.б.) ылайыкталып, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша жайгаштырылып, темасы, идеясы, тили, сюжети, мазмуну жөнөкөйдөн татаалга, жеңилден оорго карай, улам класстан класска өркүндөтүлүп берилет. Балдар ырлары тематикалык принцип боюнча жайгаштырылат.

XX кылымдын 80-жылдарында К.Сартбаев жана З.Маразыкова тарабынан 1-4-класстар үчүн класстан тышкаркы окуу боюнча окуу комплекстери түзүлдү жана китептери чыкты [15, 257-259-бб.].

Балдар ырларынын тексттерин өзгөчө жарыялоо багытында П.Ирисов 1972-жылы «Илим» басмасынан чыккан «Балдарга арналган элдик чыгармалардын үлгүлөрүнөн» деген китепке [20] балдар ырларын гана киргизген. Кийин кыргыз балдар поэзиясынын антологиясы (түзгөндөр - А.Кыдыров, Д.Сулайманов, баш сөзүн жазган К.Жусупов) [21, 19-б.], мектеп жашына чейинки балдар үчүн М.Рахимова түзгөн «Хрестоматия для чтения в детском саду» (1974), «Киргизские писатели – детям» (1978), «Бүчүр» (1983), «Детский сад» (1999), «Мөл булак» (2000) деген хрестоматиялар, А.Акматалиевдин жетекчилигинде «Кыргыз балдар адабиятынын антологиясы» (2004) жарыяланган [22]. «Эл адабияты» сериясынын 20-тому [22, 92-б.], кыргыз адабиятынын 10 томдук антологиясынын 4-тому [22, 227-б.] балдар фольклоруна багышталган. С.Рысбаевдин жетекчилигинде түзүлгөн «Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга: балдар үчүн окуу хрестоматиясы» китебинин биринчи томуна поэзия, экинчи томуна проза киргизилген. Ушул эле китептер кеңейтилип, толукталып 2 том болуп 2016-жылы кайрадан чыкты.

Мына ушул хрестоматиялар, антологиялар бал-

дар ырларын тандап алууда, окуу китептерине жана класстан тышкаркы окууларга сунуштоодо мугалимдерге жана методисттерге чоң багыт берет.

Биздин изилдөөгө чейин эле кыргыз балдар адабиятынын, анын ичинде балдар поэзиясынын педагогикалык идеялары, жогорку окуу жайында жана мектепте окутуу проблемасы М.Түлөгабыловдун балдар адабиятынын тарыхы боюнча программасында, окуу китебинде, макалаларында, М.Сулаймановдун «Балдар аңгемелери жөнүндө» (1976), «Азыркы балдар прозасы» (1980), республиканын жогорку окуу жайлары үчүн балдар адабияты боюнча окуу программалары (1974, 1986) жана «Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы» (1992) деген китептеринде, «Азыркы кыргыз балдар прозасы» (1971) деген темадагы кандидаттык, «Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы» (1995, Алматы) деген темадагы докторлук диссертацияларында алгачкылардан болуп изилдөөгө алынган.

Кыргыз балдар адабиятынын теориясы жана тарыхы боюнча К.Абакиров кандидаттык диссертаци коргогон, В.Вакуленко Москвадан «Детская литература в Киргизии» (1976) деген китеп чыгарып, докторлук диссертация коргогон. О.Сооронovдун, Г.Орозованын балдар адабияты боюнча эмгектери жарык көргөн. Биз «Кыргыз балдар фольклору: жанрдык түзүлүшү жана көркөм өзгөчөлүктөрү» деген темада кандидаттык диссертация [23] жактадык. «Кыргыз балдар адабияты (1926-1966-жж.). Библиографиялык справочник» жарык көргөн [25].

С.Рысбаевдин китептеринде, А.Муратовдун эмгектеринде, К.Жаныгуловдун диссертациясында, Т.Карановананын программасында жана кандидаттык диссертациясында [24], К.Б. Миңбаеванын «Азыркы кыргыз балдар акындарынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар жана аларды окуп-үйрөнүү жолдору» аттуу диссертациясында жана «Азыркы кыргыз балдар акындарынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар жана аларды окуп-үйрөнүү жолдору» деген иштелмесинде, Н.Э. Абдраеванын методикалык колдонмосунда [25] жана диссертациялык изилдөөсүндө [26] кыргыз балдар адабиятынын таалим-тарбия берүүчүлүк функциясы ачылып, аларды окутуунун методикалык жол-жоболору көрсөтүлгөн.

**Адабияттар:**


1. Тыныстанов К. Окуу китеби [Текст] / К.Тыныстанов. - Ташкент, 1924.
2. Тыныстанов К. Окуу-жазуу бил [Текст] / К.Тыныстанов. - М.: 1924.
3. Тыныстанов К. Биздин тил [Текст] / К.Тыныстанов. - Ф.: 1927.
4. Тыныстанов К. Жаңы айыл [Текст] / К.Тыныстанов. - Ф.: 1929.
5. Тыныстанов К. Эне тилибиз. 2-бөлүк [Текст] / К.Тыныстанов. - М., 1931.
6. Сакиева С.С. Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери: [Текст]: пед. илим. док. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. 13.00.02. / Сакиева С.С. - Бишкек, 2007. - 93-б. - 273 б.
7. Башталгыч мектептин программасы (Айыл-кыштак жана шаар мектептери үчүн): түзөтүлүп 2-бас. [Текст]. - Ф., 1934. - 23-24-бб.
8. Иманалиев К. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун методикалык негизги маселелери [Текст] К.Иманалиев. - Ф., 1973. - 27-б.
9. Ишекеев Н. Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы [Текст] / Н.Ишекеев. - Б.: 1994. - 43-б.
10. Бөкөнбаев Ж. Балдарыбызга кандай адабият керек? [Текст] / Ж.Бөкөнбаев. / «Ленинчил жаш», 1935, 14-апрель. Толук эмес орто жана орто мектептер үчүн программа. - Ф., 1941.
11. Кыргыз адабиятынын программасы: 8-10-класстар үчүн [Текст]./ Окутуучуларга жардам. - 1941. - №6. - 8-21-бб.
12. Адабияттын окуунун программасы [Текст]. - Ф.: Кыргызмамбас, 1947. - 14 б.
13. Бектенов З. Кыргыз адабияты: Орто мектептин 8-кл. үчүн окуу китеби [Текст] / З.Бектенов, Т.Байжиев. - Ф., 1948.
14. Мукамбаев Ж. Эне тили. 1-класс [Текст] / Ж. Мукамбаев, Ш.Шукуралиев, Т. Байбураев. - Ф.,1970. - 136 б.
15. Сартбаев К. Эне тили. 4-класстын окуучулары үчүн. [Текст] / К.Сартбаев, Г.Корголдоева,У.Каримов. - Ф., 1961.
16. Сегиз жылдык жана орто мектептер үчүн кыргыз тилинин жана адабиятынын программасы: 1970-1971-окуу жылы (4-10-класстар үчүн) [Текст]. - Ф., 1970. - 45-148-б.
17. Рысбекова, Б. Алиппени окутуу жана класстан тышкаркы окуу [Текст] / Б.Рысбекова, К.Сартбаев. - Фрунзе,1986.
18. Рысбаев С. Адегенде алиппе [Текст] / С.Рысбаев. / Кут билим. - 2000. - 25-февраль.
19. Кыргыз адабиятынын программасы: Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын V-IX кл. үчүн [Текст] / Түз.: С.Байгазиев, А.Муратов. - Б., 2016. - 64 б.
20. Балдарга арналган элдик оозеки чыгармалардын үзүндүлөрүнөн [Текст] / түз.: П.Ирисов. - Ф.: Мектеп, 1984.
21. Кыргыз балдар поэзиясынын антологиясы [Текст] / Түз. А. Кыдыров, Д.Сулайманов. - Ф., 1987. - 520 б.
22. Кыргыз балдар адабиятынын антологиясы [Текст] /А.Акматалиевдин жалпы редакциялоосунда. - Б., 2004. - 456 б.
23. Саттарова А.Т. Кыргыз балдар фольклору: жанрдык түзүлүшү жана көркөм өзгөчөлүктөрү [Текст]: филол. ил. канд. ...дисс. автореф. 10.01.01 / А.Т. Саттарова. - Б., 2001. - 20 б.
24. Каранова Т.Н. Кыргыздын элдик балдар чыгармаларынын таалим-тарбиялык ролу. Атайын курстун программасы [Текст] / Т.Н. Каранова. - Б.: Гүлчынар, 2009. - 10 б.
25. Абдраева Н.Э. «Балдар адабияты» дисциплинасынын окуу-методикалык колдонмосу [Текст]/Н.Э. Абдраева. - Б., 2016.
26. Абдраева Н.Э. Педагогикалык жогорку окуу жайларында «Балдар адабияты» дисциплинасын окутуунун методикасы [Текст]: пед.ил.канд. дисс. авторефераты.. - 13.00.02. / Н.Э. Абдраева. - Б.: 2017. - 20 б.